Педагогикалык кенешме | «Бекитемин»
Токтом №1 | Директор ____________
27.09.2021 ж. | Курманалиева З.О.

А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектеби

Орт коопсуздугун камсыздоо, озгочо кырдаалды эскертуу жана ликвидациялоо комиссиясы жонундо жобо.

1.Жалпы жоболор.

1.1. Орт коопсуздугун камсыздоо,озгочо кырдаалды эскертуу жана ликвидациялоо комиссиясы(мындан ары ООК) Туйту Каракеев атындагы орто мектебинин (мындан ары – Мектеп) жетектоочу органы болуп саналат.

Мектептеги авария,озгочо кырдаал,ортту эскертуу жана очуруу бирдиктуу саясатын жургузуго мектептин директору же орун басары, болумдук тузумдордун жоопкерчиликтуу,тажрыйбалуу жана даярдалган кызматкерлери буйрук менен тузулот.

1.2.Орт коопсуздугун камсыздоо,озгочо кырдаалды эскертиуу жана ликвидациялоо боюнча комиссия Кыргыз Республикасынын аймакты жана калкты озгочо кырдаалдардын коргоо областындагы мыйзамдардын,Кыргыз Республикасынын Окмотунун, Кыргыз Республикасынын ОКМ,мамлекеттик бийлик органдарынын ченемдик-укуктук актыларына,аймактык мамлекеттик бийликтин тесмелерине жана корсотмолоруно,билим беруу болумунун буйруктарына,ушул Жобого таянып озунун ишин жургузот.

1.3.ОКК жана анын компетенциясынын тегерегиндеги чечимин мектептин кызматкерлери милдеттуу турдо аткарышат.

1.4.Озгочо кырдаал жана анын кесепеттерин ликвидациялоо болгон учурда маалыматтарды чогултуу жана алмашуу процессин аймактык мамлекеттик бийлик органдары жана билим беруу болумунун ОКК менен мектептин ОКК биргелешип иш жургузот.

1.5.Мектепте чыккан орттон жана озгочо кырдаалга мектеп кунолуу болсо,материалдык чыгым мектептин эсебинен жургузулот,сырткы булактардан (жаратылыш кырсыктарынан)болсо,анда мамлекет тарабынан материалдык чыгым толукталат.

1.6.ОКК ишмердуулугун уюштурууда жана жетектоодо мектептин директору ишке ашырат.

2.ОКК негизги милдеттери

2.1 Мектептин функциясын жогорулатуу,озгочо кырдаал жана орт коопсуздугун эскертуу иш-чараларын жетектоону иштетип чыгуу жана ишке ашыруу.

**2.2. Өзгөчө кырдаал, өрт чыккан учурда күч жана каражаттарды колдонуу, ликвидациялоону жетектөө,эвакуациялык иш-чараларды уюштуруу, башкаруу органдарынын даярдыгын камсыздоо.**

**2.3.Өзгөчө кырдаалдар, өрттү ликвидациялоо үчүн материалдык ресурстар жана каржылык резервдерди түзүү жана колдонууну жетектөө.**

**2.4.Өзгөчө кырдаалдар, өрт учурунда кызматкерлердин активдүү жана ыкчам түрдө күчтөрдү жана каражаттарды, курамын жетектөөнү уюштуруу даярдыгы.**

**3.ӨКК укуктары**

3.1.Өзүнүн компетенциясынын тегерегинде мектептин кызматкерлерин аткарууга милдеттендирген чечимдерди чыгарат.

3.2..Өзгөчө кырдаал абалында, өрттү алдын алуу жана ликвидациялоодо мектептин күчүн жанка каражаттарын жетектөө, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин көзөмөлдөө.

3.3.Өзгөчө кырдаал абалында мектепти өзгөчө режим функциясы менен иштөөсүн орнотот.

3.4.Мектептин өзгөчө кырдаал абалында жана өрт чыгуу коркунучунда айрым бөлүмдөрдүн функциясын токтотот.

3.5.Адистерди экспертиза кылууга тартат.

**4.ӨКК функциялары**

ӨКК абалга жараша үч режимдин функциясын жүргүзөт: күнүмдүк ишмердүүлүк, жогорулатылган даярдык, өзгөчө кырдаал абалында.

**Күнүмдүк ишмердүүлүк режими -** ӨКК функциясы тынчтык убагында өртко каршы абалда, өрт коопсуздугу, өзгөчө кырдаал абалы жокто болот. Өрт болгондо материалдыкчыгымдарды азайтуу,кызматкерлердин коопсуздугун жогорулатуу,өзгөчө кырдаалдан коргонуу боюнча окутуу,өрттү алдын алуу боюнча ченемдерди ишке ашырат.Өзгөчө кырдаал абалында жогорку даярдыктагы күч жана каражаттарды колдонуу боюнча иш-чараларды, материалдык- техникалык база жана резервтик финансылык кырдаалды колдоону ишке ашырат.

**Жогорулатылган даярдыктагы режим** – Өзгөчө кырдаал абалы пайда болушу жөнүндө алдын ала айтуулар пайда болгондо, өртко каршы учурда ӨКК функциясы.Жогорулатылган даярдыктагы режимде мектепти үзгүлтүксүз ӨКК жетектейт.ӨКК курамынан мектептеги өртко каршы абалы начарлаганда себебин табууга ыкчам группа түзүлөт. Ыкчам группа айлана –чөйрөгө байкоо жүргүзүү жана көзөмөл,дежурдук кызматты күчөтүү,абалды турукташтырууга сунуштарды иштетип чыгарат.

**Өзгөчө кырдаал абалынын режими-** тынчтык күндөрү өзгөчө кырдаал жана өрт келип чыгууда, ликвидациялоодо ӨКК функциясы.Өзгөчө кырдаал жана өрт келип чыкканда кызматкерлерди коргоо иш- чарасы. Абалга баа жүргүзүлөт;мектептин

окуучуларын жана кызматкерлерин башка жакка эвакуациялоо иштери жүргүзүлөт.;кырсыкка кабылгандардын жашоосун камсыздоочу иш- чаралар жүргүзүлөт;өзгөчө кырдаал болгон жердеги айлана- чөйрөгө көзөмөл жүргүзүү күчөтүлөт.Жогору турган органдарга абал,өзгөчө кырдаал абалында ликвидациянын жүргүзүлүшү, боюнча маалымат берилет, кошумча күчтөрдү жана каражаттарды тартуу боюнча сунуштоолор айтылат.

**5.ӨКК ишин уюштуруу**

5.1.Жылдык пландын негизинде ӨКК күнүмдүк ишмердүүлүгү жүргүзүлөт.ӨКК отуруму бир кварталда бир жолу өткөрүлөт, плансыз отурум башчынын чечими менен өткөрүлөт. Отурум ортосундагы чечим комиссиянын башчысынын чечими менен чыгат жана чечим комиссия мүчөлөрүнө жеткирилет.

5.2.Комиссиянын милдеттерин бөлүштүрүүнү башчы жүргүзөт.

5.3.Өзгөчө кырдаал абалында комиссиянын мүчөлөрүнө абалды жеткирүү башчынын тескемесинин негизинде болот.

5.4.Өзгөчө кырдаал абалында комиссия мүчөлөрү Туйту Каракеев атындагы орто мектебинде Каракеев көчөсү,24 орун алат.

**6.ӨКК материалдык- техникалык камсыздоо**

Техникалык жана материалдык каражаттарды даярдоо жана сактоо, өзгөчө кырдаал коркунучунда жана абалында комиссияга керектүү болгон материалдык-техникалык каражаттар менен ӨКК камсыздайт.

**Мектептин жарандык коргонуу боюнча штабдын башчысынын кызматтык инструкциясы**

**Кызматтык инструкция**

**1.Жалпы жоболор**

1.1.Ушул кызматтык инструкция мектептин жарандык коргонуу боюнча жетектөөгө жоопкерчиликтүүгө кызматтык милдеттерди, укук жана жоопкерчиликти жүктөө максатында иштелип чыккан.

1.2.Мектептин директорунун буйругу менен директордун орун басарларынын бирөөнө Жарандык коргонуу штабынын башчысы милдетин аткарууга бекитилет.

1.3.Мектептин жарандык коргонуу штабынын башчысы мектептин жарандык коргонуу башчысына түздөн-түз баш ийет.

1.4.Жарандык коргонуу жана өзгөчө кырдаал штабынын башчысы төмөнкүлөрдү билиши керек:

- Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын жана ченемдик-укуктук актыларын,методикалык жана ченемдик-укуктук документтерди, жарандык коргонуу жана өзгөчө кырдаал боюнча жаралган маселе жана суроолорду;

- мектептин жарандык коргонуу боюнча планы,жоболор жана локалдык актылар, жарандык коргонууга тийешелүү болгон иш-чараларды;

-мектептин функциясын жогорулатууга болгон талаптарды;

-мектептин жарандык коргонуу штабынын курамын даярдоо жана уюштуруу, кызматкерлерди окутуу;

- кызматтык купуялуулукту сактоонун режиминин талаптарын, конфиденциалдуу мүнөздөгү маалыматтарды сыртка айтпоого;

- эмгек мыйзамдарынын негизин;

-экономиканын негизин, эмгекти уюштурууну жана башкарууну;

-эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугунун эрежелерин;

- ички эмгек тартибинин эрежелерин;

1.5.Жарандык коргонуу штабынын башчысы өзүнүн функционалдык милдеттерин, кызматтык инструктаж жана ыйгарым укуктарын.

**2.Функциялары**

Жарандык коргонуу штабынын башчысынын ишинин негизги багыты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

2.1.Мектептин кызматкерлерин жана окуучуларын өзгөчө кырдаал учурунда келип чыккан сокку урган (поражающих факторов) факторлордон сактоо, жарандык коргонуу штабын окутууну уюштуруу.

2.2.Жарандык коргонуу иш-чараларын пландаштырууну жана өткөрүү уюштуруу.

2.3.Мектептин иштөө системасын уюштуруу жана камсыздоону билдирет.

2.4.Жарандык коргонуудагы материалдык- техникалык каражаттарды түзүүнү кмасыздайт.

2.5. Өзгөчө кардаал коркунучу жаралганда жана аскердик убакта мектепте туруктуу иштөөнү камсыздоону, өзгөчө кырдаал абалын эскертүүчү уюштуруучу жана инжинердик- техникалык иш-чараларды иштетип чыгууну жана өткөрүүнү жетектейт.

2.6.Мектептин кызматкерлерин жана окуучуларын өзгөчө кырдаал абалында коргоо, ликвидациялоо,керектүү учурда эвакуациялоону уюштурат.

2.7.Мектептин кызматкерлерин жана окуучуларды өзгөчө кырдаал абалын эскертүү жана ликвидациялоого карата иш- чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө тартат.

2.8.Өзгөчө кырдаал абалында биринчи медициналык жардамды көрсөтүүнү уюштурат.

## 3. Кызматтык милдеттери

Жарандык коргонуу штабынын башчысы төмөнкү милдеттерди аткарат:

3.1. Анализдейт:

- Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуу жана өзгөчө кырдаал областындагы мыйзамдарынынын негизинде мектептин коопсуздук паспортун корректировкалоону;

- Жарандык коргонуу маселелери боюнча өзгөчө кырдаал шарттарында мектептин кызматкерлерин жана окуучуларынын ишмердүүлүгүнүн планынын корректировкасын.

3.2.Пландаштырат:

- мектептин ички бөлүгүн жарык менен маскировкалоо жана герметизациялоо иш-чараларын өткөрүүнү;

- мектептин кызматкерлерин жана окуучуларын Жарандык коргонуу боюнча жана Жарандык коргонуу штабын даярдайт;

- авариялык- коргоп калуучу иш-чараларды өткөрүү;

- мектептин штабы менен Жарандык коргонуу боюнча окутууну уюштуруу;

- Жарандык- коргонуу боюнча штабдык-командалык окутууларды жана көнүгүүлөрдү өткөрүүнү.